**№19 А.Казаков атындагы орто мектебинин тарбиялык завучунун**

**бир жылдык отчёту.**

Биздин мектепте 43 комплекти бар анда 911 окуучу болуп август айынын акырында пед кеңешме болуп бардык класстарга класс жетекчилер дайындалды. Класс жетекчилер окуучуларын китептер менен камсыз кылды. 15-сентябрь "Билим күнү" жана салтанаттуу биринчи коңгуроого карата иш-чаралар түзүлүп өткөрүлдү.

Бул иш чарага №51 Жол тейлөө мекемесинин жетекчиси А. С.Кудаяров жана Ноокен райондук ички иштер бөлүмүнүн Бүргөндү айылдык милиция бөлүмчөсүнүн укук участкалык уполномоченный милициянын майору П.Турдалиев катышты жана өз калоо тилектерин айтып өтүштү.

1-класс 74 окуучуга 11-класс окуучулары тарабынан белектер берилди. 1-4-класстарда "Ата-журтум – Асыл мекеним", 5-9-класстарда "Түбөлүккө желбирей бер, Эгемендик желеги", 10-11-класстарда "Мекенибиз Кыргызыстан Эгемендүүлүк жолунда" деген темада тарбиялык сааттар өтүлдү.

Сентябрь айында мектептеги социалдык колдоого муктаж жана ата-энеси россияга кеткен балдардын тизмелери такталды.

23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнүн бир айлыгын жарыялоо жөнүндө Ноокен райБББнүн 20.09.2021-ж № 232\1 буйругун ишке ашыруу максатында мектептин №286 буйругун негизинде иш-чаралар түзүлүп, Мамлекеттик тил майрамынын 32 жылдыгынын бир айлыгы тилчи мугалимдер тарбиялык сааттар жана слайдтарды даярдашып жогорку деңгээлде өтүштү.

1-11-класстарда кыргыз тилчи мугалимдер тарабынан "Эне тили болбосо, аты аталбайт улуттун" темасында тарбиялык сааттар өтүлдү.

10-11-класстар "Эне тилге таазим" темасында дилбаян жазды. Сүрөт конкурсу өткөрүлдү. 5-11-класстар ортосунда дубал газеталар чыгарышты. Китепканачы Г.Кулдашева Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча китеп окуу сынагы өткөрдү.

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин Төрагасынын 2021-жылдын 13-сентябрындагы №20-3091 сандуу катын аткаруу жөнүндөгү Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын 16.09.2021-ж № 187-б сандуу буйругун аткаруу максатында иш чара түзүлүп мектепте 18-сентябрь күнү "Дүйнөлүк тазалык күнүнө" ишембилик өткөрүп, 54 мугалим катышты. Алар класстарды жана айлана чөйрөсүн тазалап , бак дарактарды актады. Ал эми мектептеги

техкызматкерлер айыл окмоту тарабынан болунгон участкаларын тазалап шишемдиликке оз салымдарын кошушту.

Ноокен райББнун 28.09.2021-ж №787 катын ишке ашыруу максатында иш чаралар түзүлүп окуучулар арасында ар түрдүү кылмыштуулуктардын алдын алуу максатында "Абийириңди жашыңдан сакта, адашып жаман жолго баспаган" аттуу жумалык откорулду. 1-4-класстарга жаш озгочолугуно жараша тарбиялык сааттар өтүлдү. 9-11-класстар арасында "Кылмыш жана жаза" темасында суроо жооп жүргүзүлдү. Дубал газеталар конкурсу откорулду.

Башталгыч 1-4-класстар ортосунда "Мен бактылуу окуучумун" деген темада конкурс уюштурулуп, окуучулар сүрот тартышты. Бул конкурста 4 "д"-класс окуучусу Б.Сафаралиева, 2 "б"-класс окуучусу Равшанжанова, 1 "б"-класс окуучусу А.Сафаралиева, Г.Ахатжановалар 1-орунгаа ээ болушту.

"Укук бузуу жана жоопкерчилик" 9-10-11-класстардын окуучулары менен ИДН кызматкерлеринин жолугушуусу болду.
8-класс окуучуларына зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында тарбиялык завуч М.Иминчаева тарабынан тарбиялык саат өтүлдү.

1-октябрь Карыялар күнүнө карата иш чаралар түзүлүп анын негизинде төмөндөгү иштер аткарылды. Мектептеги жана айылдагы ардагер мугалимдерден Р.Ташматова, С.Кодиров, С.Мамажанов, А.Усманов, Х.Турабекова , М.Абдулазизова, М.Торожанов, К.Торожанова, Ф.Араббоева жана башка мугалимдерди залкар мугалим Абдурахманов Мамадали агайдын атына коюлган кабинеттин ачылышы болуп ага төмөндөгү мугалимдерди чакырып сый -тамак жана белектер менен сыйланды.
5-октябрь мугалимдер күнүнө карата мектептин 11-классынын окуучулары тарабынан мектептин сырты жана ичи жасалгаланып , 1-смена жана 2- сменадагы мугалимдерге жагымду маанай тартулап белектер менен тосуп алынды жана окуучулар тарабынан чакан концерттик программа тартуулап, мугалимдердин майрамы менен куттуктап каалоо тилектерди айтышты.

Кыргыз Республикасы Өкүмөтүнүн 1994-жылдын 19-декабрындагы №858 , "Кыргыз Республикасынын ишканаларынан, мекеме уюмдарынын ыктыярдуу орттон сактоо курамы жөнүндөгү Жобону бекитүү тууралуу" токтомунун аткаруу максатында №19 А.Казаков атындагы орто мектебинин кызматкерлеринин жана окуучуларынын арасында ыктыярдуу орттон сактоо кошунун түзүү жөнүндөгү мектептин № 296 буйругун негизинде иш-чара түзүлүп, 1-11-класстардын окуучулары жана мектептин мугалимдери, тех кызматкерлерине орт коопсуздугу жөнүндөгү түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп ар бирине кол койдуруп алынды.

Ноокен райББнүн 2021-жылдын 29-октябрындагы №242\3 буйругун ишке ашыруу максатында мектептин № 300 буйругу негизинде кыргыз элинин атактуу жазуучусу Кыргыз Республикасынын Баатыры, коомдук ишмер эл жазуучусу Т.Касымбековдун 90 жылдыгына карата райондук деңгээлде жумалык өткөрүлдү. Иш чаралар түзүлүп Т.Касымбековдун өмүр чыгармачылыгы боюнча бурчтар уюштурулду, дубал газеталар чыгарылды. Мектептин китепканачысы тарабынан китеп көргөзмөсү уюштурулуп окуучуларга тартууланды. Т.Касымбековдун өмүр баяны, чыгармаларына арналган ачык тарбиялык сааттар өтүлдү.

1-ноябрь Милициялар күнүнө карата “Менин милициям, мени коргойт” деген темада Бүргөндү айылдык аймагына караштуу ПОМдун Балдар менен иштөөчүсү ИДН С.Саттаров менен жолугушу өткөрүлдүү.

7-ноябрь “Ата-бабалардын эскерүү” күнүнө карата мектепте тарбиялык сааттар өткөрүлдү, дубал газеталар чыгарылды.
Окуучуларга жугуштуу оорулар боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп жат жазуулар жаздырылды.
Күзгү каникуль мезгилде окуучуларга жолдо жүрүнүн эрежелери жана өрттөн , суудан, электр тогунан, авто унаалардан этият болоорун түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,ар бир класстын окуучуларына класс жетекчилер тарабынан кол койдурулду.

1-чейрек отчёттору ар бир класс жетекчилер тарабынан тапшырылды. Класс жетекчилер тарабынан класстарда ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, ата-энелер комитети шайлап алынды.

Ноокен райББнүн 23.11.2021 ж № 02-08\853 катынын ишке ашыруу максатында иш чара түзүлүп Ноокен райББнүн Шайдан айыл окумотүндөгү Ж.Ниязов атындагы жалпы орто билим берүүчү көмөкчү жатак мектебинде тарбияланып жаткан балдарды социалдык колдоо максатында 3-декабрь Бүткүл Дүйнөлүк мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын күнүнө карата 2000 (эки миң) сом акча мектептин тарбиялануучуларына ыктыярдуу түрдө жардам берилди.

Ноокен райББнүн 23.11.2021-ж № 02-08\854 катын ишке ашыруу максатында иш чара түзүлүп 23-ноябрдан 3-декабрга чейин Эрдик сабактар өтүлүп, дубал газеталар чыгарылып, мектептин АЧД мугалими К.Хусанов тарабынан 2-декабрь күнү 10-11-класстар ортосунда “Мен Ата Мекенимдин коргоочусумун” деген темада иш чара өткөрүлдү. Эң мыкты дубал газета 11 “б”-класс окуучусу Каримова Айдынай тарабынан тартылган сүрөт белгиленди.

1-декабрь Бүткүл Дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшү күнүнө карата иш чара түзүлүп класс жетекчилер тарабынан тарбиялык сааттар өтүлдү.

9 "г"-класс окуучулары тарабынан өткөрүлгөн иш чарага айылдык ден-соолук комитетинин мүчөсү А.Ибрагимова катышты.

Ноокен райББнүн 26.11.2021-ж № 02-08\862 катын ишке ашыруу максатында мектептин №311 буйругун негизинде иш чара түзүлүп , 3-декабрь Бүткүл Дүйнөлүк мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын күнүнө карата мектептеги 7 инклюзив окуучуларга ар бирине өткөрүлгөн акциядан түшкөн акчадан белектер даярдашып окуучуларга 500 сомдан материалдык, маралдык колдоо көрсөтүлдү.

Ноокен райББнүн 03.12.2021-ж № 02-08\877 буйругунун негизинде Ноокен райондук ички иштер бөлүмүнүн 03.12.2021-ж № 27-7\4171 катынын негизинде жаны жете элек өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун, аларга карата болуп жаткан зордук зомбулуктун алдын алуу максатында түзүлгөн иш чаранын негизинде мектепте 9-10-11-класс окуучуларына "Зордук зомбулуксуз үй-бүлө", "Баланын укуктарын коргоо" деген темаларда тарбиялык сааттар өтүлдү. "Зордук - зомбулуксуз жаркын жашо" деген темада 11 "а"-класстын класс жетекчиси М.Иминчаева тарабынан семинар сабак өтүлдү. Бул сабакка А.Д.С.К. башчысы Ибрагимова Анара эжеке катышты, бул сабакты жакшы деңгээлде чыккандыгы үчүн Аксыда 2 күндүк өткөрүлгөн семинарга катышып ыразычылык каты менен кайтты.

Башталгыч класстардын ортосунда "Менин үй-бүлөм" деген темада сүрөт конкурсу өткөрүлдү.

Ноокен райББнүн 03.12.2021-ж № 02-08\878 буйругунун негизинде Ч.Айтматовдун туулган күнүнө жана "Адабият күнүнө" карата ЮСАИДдин "Окуу керемет" долбоорунун алкагында иш чаралар түзүлүп өткөрүлдү.

"Менин элесим" сүрөт конкурсу 1-11-класс окуучулары ортосунда "Жомоктор дүйнөсүнө саякат" аттуу китепчелер жасалды жана көргөзмө өткөрүлдү.

12-декабрь Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата 5-11-класс окуучулары ортосунда "Сени тааныгандар жашап жатканда сен тирүүсүн" аттуу адабий компазиция өткөрүлдү. Кыргыз тили мугалими Абдусаттар кызы Одина тарабынан бир адамга бир китеп "Китеп куржун". Ар бир окуучуга бирден китеп алып келүү боюнча окуучулар тарабынан көркөм адабияттардан 21 китеп алып келинди.

11 "а"-класс окуучулары тарабынан белек катары 12 100 сомдук 7-8-9-10-11-кыргыз класстардын 61 физика китеби мектеп фондуна өткөрүп берилди.

10-декабрь Адам укуктарын коргоо күнүнө карата мектепте тарых мугалими Дүйшөнбек кызы Алтынай тарабынан 9-10-11-класс окуучуларына "Адам укуктары" деген темада тегерек стол өткөрдү.

4-декабрь "Манас таануу" боюнча 9-класс окуучулары арасында тайманш өткөрүлдү.

Ноокен райБББнүн иш планынын негизинде жаңы жылдык майрамга иш чаралар өткөрүү, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу, өрт коопсуздугун камсыздоо максатында Ноокен райБББнүн 22.12.2021-ж № 258\3 буйругун ишке ашыруу максатында иш чаралар түзүлүп 27-28-29-декабрь күндөрү балаты майрамдары өткөрүлдү. Класс жетекчилери тарабынан окуучулардын каникул мезгилинде коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп кол койдуруп алынды. Балдардын каникулга тартышты.

Ноокен район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санэпидкөзөмөлдөө борбору республикалык аймагында 2022-жылдын 12-январь күнү Республикалык варусология лабараториясы тарабынан короновирус оорусун бат токтоочу "Омикрон" штамы 2 адам аныкталгандыгы тууралуу Жалал-Абад облусунда коранавирус инфекциясын жайлашына каршы күрөшүү жана анын алдын алуу боюнча облустун ыкчам штабы мүчөлөрү негизинде болуп өткөн жыйланышында отурумунун чыгыш № 06-01\31 12.01.2022 ж № 1 протоколун негизинде мектепте балдарга шарт түзүү максатында иш чаралар түзүлүп төмөндөгү иш чаралар аткарылды.

Окуучулар жана кызматкерлердин дене температурасын, өлчөм, температурасын өлчөп, температурасы бар окуучулар жана кызматкерлер жумуш ордунан бошотулду. Имаратты ичи жана сырты санитария гигиена талаптарыга ылайык текшерилип турулдуу. Окуучуларга "Омикрон" оорусу жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлдүү.

Ноокен райБББнүн 01.02.2022-ж № 02-03\03 катынын ишке ашыруу максатында иш чара түзүлүп окуучуларга тераризм жана экстролизмга окуучуларды тартип кетүүсүн алдын алуу максатында терс көрүнүштөр боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, дин кызматкерлери менен жолугушулар өткөрүлдү.

Ноокен райБББнүн 21.02.2022-ж № 275\2 буйругу "Жоокер ыры" аскердик-атуулдук ырларынын аткаруу боюнча мектепте кароо-сынак өткөрүлдүү. Бүл сынакта 14-17 жаш окуучулар катышты.
Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 28-январындагы № 83\1 ведоместволор аралык "Манас таануу" интелектуалдык тайманын өткөрүү жөнүндөгү буйругун негизинде

Ноокен райБББнүн 11.02.2022-ж № 271\2 буйругун ишке ашыруу максатында иш чара түзүлүп Манас таануу боюнча таймаш өткөрүлдү. Жеңүүчүлөр райондук турга катышышты. Бул таймаш Кочкар-Ата шаарындагы Маданият үйүндө 2022-жылдын 14-февралында өткөрүлдү.

Ноокен райБББнүн 10.02.2022-ж № 270\2 буйругун ишке ашыруу максатында "Жол кыймылынын жаш теекоочусу" кароо-сынагы мектептер арасында ЖОБОнун негизинде Бүргөндү а\о № 18 Молдалиев а.о.м. 16.03.2022-жыл саат 10-00 до болуп өттү. Биздин мектеп окуучулары 6-орунга ээ болду.

"Тарбия берүү-улуу иш, ошол аркалуу адамдын келечек чечет" темасында жана ата-энелер чогулушу өткөрүү Ноокен райБББнүн 16.02.2022 ж № 273\2 буйругун ишке ашыруу максатында түзүлгөн иш чара негизинде мектепте ата-энелер чогулушу болуп өттү. Бул чогулушта мектеп директору У.Олкасимов, соц педагог Ф.Адашов, тарбиялык завуч М.Иминчаева,ИДН окулу С.Саттаров, мед айым К.Жалилова , имам А.Хурбаев, райБББ окулу А.Эгамбердиев , 181 ата-энелер катышты. Келген коноктор жана мектеп администрациясы ата-энелер менен окуучулардын билим сапаты, тарбиясы жөнүндө маек кылышты. Ата-энелер тарабынан берилген суроолорго тиешелүү адамдар жооптор беришти. Чогулуш жогорку деңгээлде өткөзүлдү.

Февраль айында мектепте түзүлгөн иш чаралар негизинде "Жаш талант" окуучулар арасында фестиваль өткөрүлдү. Класстар жана мектептик түрдө 23-февраль Ата Мекенди коргоочулар күнүнө карата мектепте патриоттук "Элдик сабактары" өтүлдүү. 15-февраль күнү Афган, Баткен окуясынын катышуучулары менен жолугушу өткөрүлдүү.

Башталгыч класстар ортосундо "Ата Мекенди сүйөм" аттуу сүрөт конкурсу өткөрүлдү. 9-10-11-класс окуучуларынын жигиттери ортосунда аскердик спорттук мелдештер, кыздар ортосунда валейбол мелдеши, 5-6-7-8-класс окуучулары ортосунда шахмат-шашка мелдеши өткөрүлдү. 23-февраль Мекен коргооочулар күнүнө карата өткөрүлгөн иш чарада зонала биздин окуучулар 2-орунга "Ак шумкар" командасы ээ болдуу.

КР Мамлекеттик Туусунун кабыл алынганына 30 жылдыгын белгилөө жөнүндөгү Ноокен райБББнүн 16.02.2022-ж № 173\1 буйругун ишке ашыруу максатында иш чара түзүлүп, КР Мамлекеттик Туусунун кабыл алынгандыгын 30 жылдыгына карата мектепте Туунун келип чыгышы тарыхы жөнүндө слайд жана докладды мектептин тарых предмети мугалими Дүйшонбек кызы Алтынай окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүздүү. Класс жетекчилер тарабынан Туунун 30 жылдыгына карата тарбиялык сааттар өтүлдү. Окуучулар Туу жөнүндө маалыматтар алышты.

Ноокен райББнүн 02.03.2022-ж № 02-08\42 катынын ишке ашыруу максатында мектепте иш чара түзүлүп "Ак калпак" күнүнө карата иш чаралар өткөрүлдү. Класс жетекчилер тарабынан "Ак калпак" тарыхы, түзүлүшү жөнүндө тарбиялык сааттар өтүштү. Калпактын түрлөрү менен таанышуу слайд аркылуу тарых мугалими К.Каримова тааныштырды. Баштапгыч класстардын окуучулары арасында дене-тарбия мугалими Д.адашов 3 "б,в". 4 "б,в"-класс окуучулары ортосунда спорттук мелдештер өткөрүлдү. Бул мелдеште 3 "в", 4 "в"-класс окуучулары 1-орунгаа ээ болду.

Музыка мугалими Д.Базарова "Ак калпак" күнүнө карата ак калпак жөнүндөгү ыр конкурсу өткөрдү. Мектепте ак калпак күнүнө карата жүрүш өткөрүлдү.

8-март күнүнө карата иш чара түзүлүп, бул иш чара негизинде мектепте 1-4, 5-7-класстар ортосунда тарбиялык сааттар класс жетекчилер тарабынан өтүлдүү. 9-10-11-класстын кыздары тарабынан "Апам, апам жон апам" атту мелдештер өткөрүлдүү. Бардык класстар тарабынан дубаль газеттар чыгарылды. Апалар майрамына уул балдар тарабынан мектеп биринчилиги үчүн валейбол жана футбол мелдештери өткөрүлдү.

12-март күнү мектепте Бүткүл дүйнөлүк ишембиликке карата өткөрүлгөн ишембиликке 45 мугалим, 10 тех кызматкер катышты. Мектептин айлана чөйрөсүн тазалап, арыктар чабылды, бак дарактар ремонт кылынып акталды, 120 туп 1 жылдык жана 20 туп роза гүл, мөмөлүү 20 туп курма көчөттөрү эгилди. Типлицанын ичиндеги лимон көчоттөр жапайы жоптордон тазаланып, жоогазыктарды тегеректерди жумшатылды. Айыл өкмөт башчысы З.Арстанбеков жана а\о соц адиси Г.Шадыканова келип 2 туп көчөт эгип мөмөлү гилас көчөтүү өтүргүзүп кетишти. Ишембилик уюшкандыкта өткөзүлдү.

18-март күнү 21-март "Нооруз" майрамына карата иш чара түзүлүп мектепте бардык класстар ортосунда улуттук тамак аштардын конкурсу өткөрүлдү, бул конкурста 11-класс окуучулары 1-орунга, 9-10-класс окуучулары 2-орунга ээ болушту. Бардык класстар чай-пития өткөрүштү. Жаш жылдыздар тобу тарабынан концерттик программалар коюлду. Дубал газеталар чыгарылып майрамга көркүнө-көрк кошту.

Мектеп окуучуларына жазгы каникул берүү жөнүндө КР Билим берүү жана илим министрлигинин базистик окуу планынын бекитуу жөнүндөгү 2021-жылдын 20-августундагы № 1460\1 буйругунун негизинде мектеп окуучуларына жазгы каникул берүү боюнча Ноокен райББнүн 14.03.2022-ж № 279\2 буйругунун ишке ашыруу максатында иш чара түзүлүп мектеп окуучуларына 2022-жылдын 21-мартынан 30- мартына чейин жазгы каникул мезгилинде болгондуктан бардык техникалык коопсуздук, жол эрежелери жана санитардык-гигиеналык эрежелердин сактоо жөнүндө

түшүндүрүү иштерин жүргүзүлүп класс жетекчилер тарабынан кол койдурулуп алынды.

Каникул мезгилинде окуучулардын жүрүм-турушун козомолдоо, ден –соолугу жана коопсуздугун жоопкерчилиги ата-энелерге жүктолдү.

Акымчылыктын 31.03.2022-ж 3 01-20\498 катынын ишке ашыруу максатында иш чара түзүлүп 2-апрель күнү мектепте ишембилик откорүлдүү. Ишембиликке мугалимдер жана тех кызматкерлер толугу менен катышып томондогү иштер аткарылды. Мектептин айлана-чойросүү тазаланып, тосмолор ремонт кылынып, имараттын ичи жана сыртынын калыпка келтирилди.

КР Министрлер кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы № 341-т тиркемесинин аткарууга алуу максатында Ноокен райББнүн 11.04.2022-ж № 285\3 буйругунун негизинде иш чара түзүлүп , окуучуларга Кыргыз жараны деп озүн таануу анын сезими жонүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп 1-4-класстарга тарбиялык сааттар өтүлдү. Кыргыз элдерин биримдигин чыңдоо "Улуттар аралык достукту бекемдоо, жарандык биримдикти күчотүү жана достук жонүндө дубаль газеталар чыгарылды.

Президенттин 2021-жылдын 13-декабрындагы "Башталгыч, жалпы, негизги жана орто жалпы билим алууга балдардын конституциялык укуктарын камсыз кылуу боюнча кечиктирилгис чаралар" ПЖ № 561 Жарлыгын негизинде иш чара түзүлүп балдардын мектепке келүүсүн жана сабактарга катышуусун козомолдоп, мектеп окуучулары арасында аз камсыз болгон жана жакыр үй-бүлодогү балдар такталып аларга материалдык жардам коросотүлдүү. Мектепке себепсиз келбеген , турмуш тарты оор балдарга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдүү.

Ноокен район аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык борборунун 2022-ж 22-мартындагы №08-7\105 сандуу №41 санитардык кретмен ишке ашыруу максатында Ноокен райББнүн 11.04.2022-ж №285\4 буйругу ишке ашыруу максатында иш чара түзүлүп окуучуларга темеки тартүнүн зыяндуулугу жөнүндө 10-11-класс окуучуларына "Ден-соолукка кам көрүү ар бир адамдын озүнөн" 5-9-класстарда, 1-4-класстарга "Тамеки өмүргө зыян" темасында тарбиялык сааттар отүлүп, мектептин тегерегиндеги дүкөндөргө 18 жашка кире элек окуучуларга тамеки сатууга тыюу салынды.

Ноокен райББнүн 2022-ж 29-апрелиндеги буйругунун негизинде "Кайрымду бол замандаш" аттуу марафон откорүлүп, түшкон акча 2150 сом акча Канаралы кызы Анарага ыктыярдүү түрдөө өз салымынын кошту.

"Окуйбуз, жасайбыз, изилдайбыз" аттуу Республикалык сынакты откорүү жонүндө Ноокен РайББнүн 18.04.2022-ж №287\3 буйругун ишке ашыруу

максатында иш чаралар түзүлдү. Бул сынакка 7-12-жашка чейин окуучулар катышты, 1-2-класстар ортосундо "Мен жана менин дүйном" темасында китепче жасашты. 3-4-класстардын окуучулары арасында "Кыргызстан элдерин маданияты" бий жана ыр сынактары өткөрүлдүү. 4-"б", 4 -"в"-класстарынын окуучулары ортосунда откорулгон сынакта 4"в"-класстын окуучулары улуттук каада салттардын бешик-той салтына откорүп берди.

Тарых мугалими Каримова Кумуш "Мен жана менин укуктарим " темасында доклат окуп берди. 9-май Улуу ата мекендик согушун 67-жылдыгына карата мектептин музыка мугалими тарабынан музыкалык композиция откорулду.

19-май В.И..Ленин атындагы пионер уюмунун 100 жылдыгына карата мектепте салтанаттуу сбор өткөрүлдү. 1-класстын окуучулары арыздарын негизинде Сейтек кошунуна кабыл алынды. 19-май пионер күнүнө карата сүрот конкурсу откорулүп 11 "б"-класстын окуучусу Умиджон кызы Маргуба ээ болду

20-май Бүткүл дүйнолук энелер күнүнө карата "Дүйнөдө баарынан эне ыйык" темасында класстан тышкаркы иш чаралар откөрүлдүү.

1-июнь "Бүткүл Дүйнолук балдарды коргоо" күнүнө карата мектепте салтанаттуу линейка откөрүлдүү.

2021-2022-окуу жылынын аякталгандыгына байланыштуу салтанаттуу иш чараларды откорүү жөнүндө Ноокен райБББнүн 20.05.2022-ж № 296\1 буйругун ишке ашыруу максатында мектепте иш чара өткөрүлдү. Салтанаттуу аземге райБББнөн жана акымчылыктан, айыл окмоттон окүлдөр, ата-энелер жана бүтүрүүчүлөр менен өткөрүлдүү.

Мектепте эч кандай чыр-чатактар болгону жок, ата-энелер, мугалимдер, мектеп администрациясы тарабынан күну –түн ноомөтчүлүк түзүлдү жана козомолго алынды.

Мектепте жакшы иштеген жана жакшы окуган окуучуларга айыл окмот жана мектеп тарабынан Ардак грамоталар менен сыйланды.

Биздин мектеп окуучулари ортосунда спорт менен чоң ийгиликтерге жетишкен. Футбол боюнча 3 орунга ээ болуштуу.

Ар бир класс жетекчи чейректик отчётторду таныштырып орт коопсуздугу, табигий кырсыктар, жол журу эрежелери жонүндо түшүндүрүү иштерин жүргүзүп кол койдурулуп үйлөрүно таркалышты.

**Тарбиялык завуч : М.Иминчаева**

**2021-2022-окуу жылындагы №19 А.Казаков атындагы орто мектебинин башталгыч класс завучунун бир жылдык отчёту.**

2021-2022-окуу жылында башталгыч класстарында жалпы 21 мугалим эмгектенип алардан 15 мугалим жогорку, 6 мугалим орто билимдүү. Башталгыч классында 23 класс комплект болуп булардын ичинде 4 класс өзбек класс, 15 класс кыргыз класс, 4 класс орус классты түзөт. Жыл башында 481 окуучу уул бала 235, кыз 246, ал эми жыл аягында жалпы 444 окуучу булардан уул бала 216, кыз бала 228.

Жыл башынан ар бир класска класс жетекчи бекитилип, мугалимдер жетиштүү сааттар менен камсыз болушту, жана жыл башынан эле иш пландары бекитилди, жана окуу сабактарына жадыбалдар түзулдүү.

Быйылкы окуу жылы 15-сентябрдан башталып, окуучулар эки сменада окуп жатышты. Жылдын башынан эле мугалимдерге чогулуш уюштурулуп ачык сааттардын графиктери жана нөөмөтчүлүк графиги түзүлүп бекитилди.

Жаш адистерге план түзүүдө жана сабак өтүүдө көмөк көрсөтүү максатында насаатчылар бекитилди.

Октябрь айынан ар бир мугалим өзүнө бекитилген графиктин ачык сааттарды өтүп жана класстан тышкаркы иштерди да уюштуруп жатышты. 2021-жылдан башталгыч класстарда "Окуу керемет" долбоору боюнча да сабактар, семинарлар өтүлүп жатышты. Бул долбоор боюнча ар бир чейрек сайын трейнерлер келип, байкоо жүргүзүп, сунуштарын айтып жатты. 11-октябрдан 22-октябрга чейин башталгыч класстардын жумалыгы болуп өттү. Жумалыкта Урустамова А, Кодирова М, Арапбоева Х, Ихролжон кызы И, Дуйшонбиева А,Ж.Раимжановалар ачык сабактарды жана класстан тышкаркы иштерди жакшы деңгээлде өтүп беришти.

Ноябрь айында башталгыч классында окуучулар арасында 3-4-класстарында олимпиада өткөрүлүп, 4-класстар арасында 4 "б"-класстын окуучусу Абдурахманова Мадинабону, 4 "б"-класстан Матраимов А, 4 "д"-класстан Абдурахимова Блар биринчи орунду ээлешти. 3-класстар арасында 3 "в"-классынан Саткынбаева М 1-орунду ээледи. Ал эми өзбек класстар арасындан 3 "а"-класстан Адашбаева Ж, 3 "г"-класстан Мунабаева М лар 1-орунду ээлешти.

Декабрь айында окуучулардын жарым жылдык билимин аныктоо максатында ички көзөмөл жүргүзүлүп, окуучулардын кол жазмасы жана окуу техникасы текшерүүгө алынды. Начар окуган окуучулар менен ар бир

класс жетекчи жекече иш алып барды. Ал эми жаңы жыл майрамына карата ар бир класс майрамдык программа даярдап балаты майрамы өткөрүлдү. Майрамда ата-энелердин демөөрчүлүгү менен балдарга белектер уюштурулду.

Жарым жыл ичинде бекитилген ачык сааттардын графиги боюнча ар бир мугалим "Окуу керемет" долбоорунун стратегияларын пайдаланып жогорку деңгээлде ачык сааттар өтүлүп берилди.

Жарым жылдык жыйынтык боюнча окуучулардын билим сапаты төмөндөгүчө пайызды түздү.

1-чейрек 42,6 %

2-чейрек 45,6 %

Январь айынын 11-нен баштап экинчи жарым жылдыкка окуучуларды тосуп алдык жана окуу жадыбалына өзгөртүлөр киргизилип, 2-жарым жылдык үчүн календардык пландары бекитилди. Январь айына бекитилген ачык сабактарды өз убагын өтүп беришти.

Март айында мектепте 2-класстар арасында райондук семинар өтүлүп бул семинарда АрапбоеваХ, Кодирова М, Жороева А, Жаныбек кызы Ы эжекелер жогорку деңгээлде "Окуу керемет долбоорунун" стратегияларын пайдаланып сабактарды өтүп беришти. Сабак өткөн мугалимдерди сыйлыктарга көрсөтүштүү.

Ал эми апрель айында баштапгыч классында , орус класстарынын арасында райондук семинар болуп анда Урустамова А, Халиева Ш, Раимжанова Ж, Исакова Улар ачык сабактарды жакшы деңгээлде өтүп беришти.

23-апрель "Бүткүл Дүйнөлүк китеп күнүнө" карата 1-класстар арасында сүрөт конкурсу уюштурулду. Ал эми 2-класстар китепчелер жасашты. 3-4-класстар болсо кыргыздын каада салттарын чагылдырыб көрүнүштөр уюштурушту.

Май айында "Мекен мырзасы" деген темада 3-4-класстар арасында дене-тарбия мугалими Д.Адаиов агай спорттук мелдештерди өткөрдүү.

Ар бир класс жетекчи даталуу күндөргө дубал газеталарды жана тарбиялык сааттарды өтүп жатышты.

1-июнь "Бүткүл Дүйнөлүк балдарды коргоо" күнүнө карата ар бир класс концерттик программа даярдап окуучуларга жакшы маанай тартуулашты. Бул майрамга ар бир класс жетекчи жоопкерчилик менен даярданышып, ата-энелер тарабынан грамоталар жана сыйлыктар берилди.

9-июнь "Акыркы коңгуроо" кагылып, алдыңкы окуучуларга жетишкендиги үчүн грамоталар менен сыйланышты жана класс жетекчилер коопсуздук боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүп окуучуларды жайкы эс алууга узатышты.

Азыркы учурда 10-июндан баштап 2 агым менен мектепте окуу лагери уюштурулуп окуучулар катышып жатышат.

Жылдын жыйынтыгы менен баштапгыч классынын билим сапаты 3-чейрек 47.2 %. 4-чейрек 47,9 % түздүү.

Иш бар жерде кемчилик бар демекчи иш убагында кетирген кемчиликтери үчүн мугалимдерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп жатты.

Баштапгыч класс ОББ: А.Жороева